DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Кудабаева Г.Б., Жайылган кызы М.*

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫ ЖАРАТЫЛЫШ МЕНЕН БИРГЕ АҢ-СЕЗИМДЕРИН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Кудабаева Г.Б., Жайылган кызы М.*

## ФОРМИРОВАНИЕ СОЗНАНИЯ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА ВМЕСТЕ С ПРИРОДОЙ

*G. Kudabaeva, Jaiylgan kyzy M.*

## FORMATION OF CONSCIOUSNESS OF PRESCHOOL CHILDREN TOGETHER WITH NATURE

*УДК: 373.21.*

*Бул макалада негизинен мектепке чейинки курактагы балдарга экологиялык тарбия берүүдө, жаратылыш менен тааныштыруу менен бирге аң-сезимдерин калыптандыруу каралган. Мектепке чейинки курактагы балдардын аң-сезиминин өнүгүүсүн ар тараптан анализдеп изилдөө дайыма актуалдууу маселелерден болуп саналат. Биз мектепке чейинки курактагы балдарга жаратылыштын коoздуктарын, сезондук өзгөрүүлөрүн алардын өзгөчөлүгүн, адам баласы үчүн тийгизген таасирин толук жеткирүү менен экологиялык билимин, тарбиясын өстүрүп, жандуу жаратылыш менен жансыз жаратылышты айрымалап билүүгө, айлана-чөйрөгө өз менчигиндей аяр мамиле жасоого жана эмгекке тарбиялоого багыттап жана аң-сезимин өстүрүү менен биргеликте өзүнүн оюн логикалык жактан айтып берүүсүн жана ошондой эле инсан катары калыптануусуна чоң таасир бере алабыз. Мектепке чейинки мекемелерде жаратылыш менен тааныштыруу системалуу жүргүзүлсө – балдардын акыл-сезимдеринин өнүгүшүнө жана аларды мектепте окууга ийгиликтүү даярдоого чоң көмөк көрсөтөт. Мектепке чейинки курактагы балдардын инсандык өнүгүүлөрү, атап айтканда, инсандык негизги саптаттардан болгон эмоционалдык мотивдүүлүктөрдүн, психологиялык жаңылануулар (таануу процесстериндеги кабыл алуу, көңүл буруу, эс, ойлоо, тил, индивидуалдыктын пайда болушу) калыптанышы, алардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн негизин түзөт*

***Негизги сөздөр:*** *балдар, экология, жаратылыш, айлана-чөйрө, инсан, аң-сезим, эмоция, психология.*

*Данная статья посвящена экологическому воспитанию дошкольников, знакомству с природой, а также формированию их сознания. Всегда актуален комплексный анализ развития познавательного развития дошкольников. Мы обучем дошкольников полностью понимать красоту природы, сезонные изменения, их особенности, их влияние на человечество, развивать экологическое сознание, различать живые и неживые существа, относиться к окружающей среде как к своей собственной и работать вместе. с развитием чувств может иметь большое влияние на логическое выражение его мыслей, а также на его становление как личности. Систематическое знакомство с природой в дошкольных учреждениях способствует развитию умственных способностей детей и их успешной подготовке к школе. Личностное развитие дошкольников, в частности формирование эмоциональных мотиваций, психологическое обновление (восприятие, внимание, память, мышление, язык, проявление индивидуальности в познавательных процессах), которые являются основными чертами личности, составляет основу их психологических характеристик.*

***Ключевые слова:*** *дети, экология, природа, окружающая среда, личность, сознание, эмоция, психология.*

*This article focuses on environmental education for preschool children, acquaintance with nature, as well as the formation of their consciousness.A comprehensive analysis of the development of consciousness of preschool children is always relevant. Through teaching preschool children to fully understand the beauty of nature, the features of seasonal changes and their impact on humanity we develop their environmental knowledge and teach them to distinguish between living and non-living things. Also, this method is efffective to teach children to treat the environment properly and to motivate them to work on environmental challanges. Together with the development of their consciousness we can have a positive impact on formation of childrens logical thoughts and it's expression, as well as on formation of their peronality.Systematic acquaintance with nature at preschool institutions greatly contributes to the development of children's minds and their successful preparation for school. Personal development of preschool children, in particular, the formation of emotional motivation, psychological renewal (perception, attention, memory, thinking, language, the emergence of individuality in cognitive processes), which are the main personality traits, forms the basis of their psychological characteristics.*

***Key words:*** *children, ecology, nature, environment, personality, consciousness, emotions, psychology.*

Мектепке чейинки курактагы балдардын аң-сезимин өнүктүрүүнүн жолдору ар тараптуу. Макалада ошол тармактардын бири болгон балдарды жаратылыш менен тааныштыруунун психологиялык маанисине токтолмокчубуз. Балдарды жаратылыш менен тааныштырууда айлана-чөйрөгө болгон ой жүгүртүүсү өнүгөт, айлана-чөйрөдөн көргөн, тааныган, ойлогон нерселерин эсине тутуп, айтып берүүгө үйрөнөт, сөз байлыктары кенейет. Демек, балдардын аң-сезимин өнүктүрүүдө, балдарды жаратылыш менен тааныштыруунун психологиялык мааниси бүгүнкү күндө актуалдуу маселелерден болуп эсептелет.

Мектепке чейинки курактагы балдардын инсандык калыптанууларын ар тараптан анализдеп изилдөө дайыма актуалдууу маселелерден болуп саналат. Ал эми бул курактагы балдардын инсандык калыптанууларын айлана-чөйрө менен таанышуу багытында изилдөө илимий жаңылыгы катары каралат. Балдардын кабыл алуулары, эске тутуулары

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



курч, тилдери тез темп менен өнүгүп жаткан курак, кичинекей кездеринен эле өтө сезимтал болгондуктан ата-энелер, тарбиячылар, деги эле чоң адамдар булардын айлана-чөйрөдөн көргөндөрүн, жаратылыштагы кубулуштарды жакшы түшүнүп, туура кабыл алууларына жардам берүү керек [3].

Жаратылыштагы жандуу нерселер менен жөн гана үстүртөн тааныштыруу менен чектелбестен, өсүмдүктөр, жан-жаныбарлар, курчаган чөйрө, аба, суу, жер кыртышы жана асмандагы күн, ай, жылдыздар тууралуу, жыл мезгилдердин адамдын жашоо турмушундагы ордун, маанисин, алардын өзгөчөлүгүн, кызыктуу фактыларды, жомокторду жана уламыштарды айтып берип мектепке чейинки курактагы балдардын курчаган чөйрөгө болгон аң-сезимин өстүрөбүз.

Курчаган чөйрөнү тааныштырууда калыптанып келе жаткан инсанга жөнөкөйдөн татаалга, кичинеден чоңго, аздан-көпкө багыт алуу менен тааныштырышыбыз керек. Ар бир жаратылыш аймагындагы жандуу, жансыз нерселерди кылдаттык менен түшүндүрүү шарт.

Балдардын көңүлүн жаратылыштын кооздугуна сулуулугуна буруу зарыл. Ал үчүн өсүмдүктөрдүн, жан-жаныбарлардын сырткы көрүнүштөрүнө байкоо жүргүзүү, ошол эле учурда аларга карата балдардын эмоционалдык мамилесин өстүрүү. Мектепке чейинки курактагы балдардын айлана-чөйрөгө болгон сүйүүсүн өстүрүү үчүн биринчи кезекте аларга болгон эмоционалдык оң мамилелерин, сезимдерин калыптандыруу керек. Балдар дайыма жаратылыш менен тыгыз байланышта болгондо гана алардын жаратылышка болгон эстетикалык мамилелери өнүгөт. Балдарды жаратылыш менен тааныштыруу эрте жаш курактан эле башталса, ал жаратылышты, анда кандай өзгөрүүлөр болуп жатканын жакшы түшүнөт.

Мисалы, жаратылыштын бир бөлүгү болгон өсүмдүк менен тааныштырууда аны жаратылыштын бир бөлүгү экендигин, өз ичинен (жер-жемиш, мөмө – жемиш, жашылча – жемиш) болуп бөлүнөөрүн, физиологиясы боюнча (сырткы түзүлүшү) тамыр, сабак, жалбырак, гүл, мөмөдөн тураарын, дем алууга, көбөйүүгө, өзүнөн кийин тукум калтырууга жөндөмдүү экенин. Экологияга чоң таасир берерин, айлана-чөйрөнү кооздоп, биз жашаган планетаны тазартаарын, жан-жаныбарларга, өсүмдүктөргө азык-зат болуп, жаратылыштын кырсыктарынан тамыры менен жерге субстрат болуп берерин, биз мектепке чейинки курактагы балдарга толук жеткирүү менен алардын аң-сезимин өстүрүү менен биргеликте өзүнүн оюн логикалык жактан айтып берүүсүн жана ошондой эле инсан катары калыптануусуна чоң таасир бере алабыз.

Балдардын жаратылыш жөнүндөгү билимдери алгач туюу жана кабыл алуу процесстери аркылуу эстетикалык образды жаратышат, андан кийин аң-сезимдеринде эстетикалык элестерди жана түшүнүктөрдү кайрадан иштеп чыгып, эсине сактайт. Бул билимдер жаратылышта уюштурулат. Жаратылыш жөнүндөгү элементардык билимдери, эстетикалык кабыл алуулары ушул куракта өнүгө баштайт. Жаратылыштын сулуулугу жөнүндөгү билимдерди баланын аң-сезимине жеткирүү зарыл.

Балдар тарабынан курчап турган нерселерди өздөштүрүүнүн маанилүү фактору болуп, аларды коомдук-маанилүү окуяларга катыштыруу, чоңдорго жардам берүү, майрамдарга даярдык, балдарды кызыктырган тапшырмаларды берүү болуп саналат. Балдарды өздөрү байкаган нерселерин салыштырууга, айлана-чөйрөнүн сулуулугун көрө билүүгө жана жаратылыштын кооздугун сүйүүгө, көргөн билгендери боюнча терең чыгармачылык менен ой жүгүртүүлөрүнө педагогдор багыт берүүлөрү зарыл.

Жаратылыш менен тааныштыруу өз ара байланышта болгон эки бөлүктөн турат:

– коомдук жашоонун кубулуштары менен жана предметтер менен таанышуудан;

– жаратылыш жөнүндөгү элестөөлөрдү калыптандыруудан. Мындай таанышуулар бакчада окулуп жаткан предметтер (дене тарбия, сөз өстүрүү, көркөм адабият ж.б.) аркылуу, ошондой эле экскурсия, сейилдөөлөрдө, оюн иш-аракеттеринде, аңгемелешүүлөрдө, педагогдун көркөм чыгармаларды, аңгемелерди окуп берүүсүндө жүргүзүлөт. Бул жерде балдардын эске тутуулары, элестөөлөрү, чыгармачылык ой жүгүртүүлөрү өнүгүп калыптанат. Оюн процесси аркылуу белгилүү бир нравалык көз караштары калыптанат. Мектепке чейинки курактагы балдардын негизги иш-аракети – бул оюн иш-аракети болуп саналат. Балдар жаратылышта көргөн нерселерин оюн процессинде чагылдырат;

– оюн аркылуу бала дүйнөнү таанып билет, бири-бири менен мамилелешет, чыгармачылык талаптарды аткарганды үйрөнөт, таанып билүүлөрү кеңейет;
– оюн ой жүгүртүүнүн, элестетүүнүн, кыялдануунун өнүгүүсүн жөнгө салат, оюн аркылуу балдар ортосундагы өз ара түшүнүшүүлөрү калыптанат, алардын социалдык-эмоционалдык сезимдери өнүгөт;

– оюн аркылуу өзүн-өзү таануу, өзүн-өзү баалоо, өзүн-өзү тарбиялоонун элементтери, мүнөз белгилери калыптанат;

– оюн аркылуу баланын шыгы, кызыгуулары жаралып, жөндөмдүүлүктөрү калыптанат. Бул куракта балдардын бир нерсеге болгон умтулуулары, ийгиликке жетишүү муктаждыктар байкалып, максат багыттуу умтулуулар, өз алдынчалык, жоопкерчиликтүүлүк сезимдери пайда болот. Дидактикалык

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



оюндар аркылуу жаратылыш менен тааныштыруу иш-аракеттери жүргүзүлөт. Кыймылдуу оюндар, сюжеттик кыймылдуу оюндар ж.б. оюндар аркылуу балдар айлана-чөйрөдөн кабыл алган билимдерин чагылдырып ойношот.

Мектепке чейинки курактагы балдардын ан-сезимин жаратылышта өнүктүрүү үчүн сюжеттүү-ролдук оюндардын, байкоо жүргүзүүнүн, сейилдөөнүн жана экскурсиянын мааниси өзгөчө. Оюн процесси аркылуу белгилүү бир нравалык көз караштары калыптанат.

- балдар айлана-чөйрөдөн көргөн нерселерин оюн процессинде чагылдырат;
- оюн аркылуу бала дүйнөнү таанып билет, бири-бири менен мамилелешет, чыгармачылык талаптарды аткарганды үйрөнөт, таанып билүүлөрү кеңейет;
- оюн ой жүгүртүүнүн, элестетүүнүн, кыялдануунун өнүгүүсүн жөнгө салат, оюн аркылуу балдар ортосундагы өз ара түшүнүшүүлөр калыптанат, алардын социалдык-эмоционалдык сезимдери өнүгөт;
- оюн аркылуу өзүн-өзү таануу, өзүн-өзү баалоо, өзүн-өзү тарбиялоонун элементтери, мүнөз белгилери калыптанат;
- оюн аркылуу баланын шыгы, кызыгуулары жаралып, жөндөмдүүлүктөрү калыптанат.

Байкоо – бул балдарды жаратылыш менен тааныштыруудагы негизги методдордон болуп саналат. Байкоо жүргүзүү аркылуу жаратылыш кубулуштары менен таанышып, таанып билүү иш-аракеттери активдешет [4].

Сейилдөө – күндө таза абада айлана-чөйрөнүн кубулуштарын байкоо менен жыл бою жүргүзүлөт.

Экскурсия – балдарды жаратылыш менен тааныштыруунун дагы бир ыкмасы болуп эсептелет. Экскурсиянын мааниси жаратылыш кубулуштары менен таанышып, алардын өз ара байланыштарын аныктап, айлана-чөйрөдөгү жаратылыш шарттары боюнча түшүнүктөрүн калыптандыруу. Экскурсияда баланын экологиялык билимдери кенейип, жаратылыштын кооздугун көрүшөт, эстетикалык тарбия алышат.

Экологиялык тарбия боюнча сабактар сөз өстүрүү, математикалык билимдерди калыптандыруу, көркөм өнөр, музыка ж.б. менен айкалыштырылып өтүлөт. Тарбиячылардын негизги максаты балдардын жаратылышка гумандуу, этият мамиле жасоосун өстүрүп, адам жаратылыш менен тыгыз байланышта экендигин түшүндүрүү. Ошону менен бирге эле балдардын жаратылыш боюнча алган билимдери аркылуу сөз байлыктары өсүп, ой жүгүртүүлөрү кеңейип, инсандык сапаттарынын калыптануусуна шарт түзөт.

Мектепке чейинки курактагы балдар жаратылыш кубулуштарынын элементардык түрлөрү белгилүү. Алар: жамгыр, кар, жыл мезгилдери,

күндүн ачыктыгы, бүркөктүгү ж.б. Балдар күн бүркөлсө жамгыр жаарын, күн ысык болгондо гүлдөр чыгаарын, жалбырактын түзүлүшү, куштардын үнү ж.б. билишет. Жаратылыштын экологиялык балансын жөнүндө түшүнүктөрү бар. Ошондой болсо да балдардын жаратылыш жөнүндө көбүрөөк билүүлөрүнө жаратылышка такай байкоо жүргүзүүлөрү, жаратылыш жөнүндөгү адабий чыгармалар, фольклор, мультфильмдер, кинолор түрткү берет.

Эң негизгиси жаратылыш жөнүндө ой жүгүртүүлөрүн өстүрүү керек.

Табияттын көркөм чагылдырылышы балдардын кызыгуусун гана арттырбастан, эстетикалык таанып билүүлөрүн өстүрүп, жаратылыштын кооздуулугун, сулуулугун көрө билүүгө үндөйт. Ошодуктан баланы искусство аркылуу өз оюн, сезимин терең түшүнүүгө, эмоционалдык-чыгармачылык маанайын колдоого, жаратылыштагы сулуулукту көрө билүүгө, алар үчүн сүйүнүп кубанууга, ой толгоого багытташыбыз керек [1, 2].

Мектепке чейинки курактагы балдарды жаратылыш, айлана-чөйрө менен тааныштыруу аркылуу мектепке чейинки мекемелерде экологиялык тарбия берүүдө ага ылайыктуу шарттардын болуусу зарыл.

- жаратылыш менен тааныштыруу үчүн аны өстүрүүчү чөйрө;
- методикалык, көрсөтмө каражаттар;
- жаратылыш бурчу;

Жаратылыш бурчунда балдардын эмгектенүүсүнө шарт түзүү. Балдарга курчап турган чөйрө боюнча маалыматтарды берүү (аңгемелер, түшүндүрүүлөр, сүрөттөрдү көрсөтүү ж.б.). Балдарга көргөндөрүн, уккандарын анализдеп, салыштырып, логикалык ой жүгүртүүлөрүнө шарт түзүү керек.

Көрсөтмө куралдарды - таблицалар, схемалар, карта, макет, сүрөт, табигый жаратылыш материалдарды колдонуу балдардын таанып билүү иш-аракеттерин өстүрөт. Балдар алгач сейилдөө, экскурсия учурунда байкоо аркылуу жаратылыш жөнүндө маалыматтарды алса, кийин алардын маанисин түшүнүп, белгилүү бир жыйынтыктарга келишет [7].

Ошентип балдарды айлана-чөйрө менен, жаратылыш менен тааныштыруу аркылуу алардын аң-сезимине, инсандык сапаттарынын калыптануусуна тийгизген таасирлер, экологиялык тарбия берүүдө бала бакчадагы шарттардын тарбиячынын колдонгон методдору менен байланыштары каралды. Баланын курчап турган чөйрө менен тыгыз байланышта экендиги тарбиячынын дайыма ар кандай колдонгон приемдорунда, б.а. туура системалуу түрдө уюштур-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ган байкоолорунда, эмгек, оюн иш-аракеттеринде, окутуп үйрөтүү процесстеринде чагылдырылат жана алар тийиштүү натыйжаларга жетишүүгө өбөлгө түзөт.

Мектепке чейинки мекемелерде жаратылыш менен тааныштыруу системалуу жүргүзүлсө – балдардын акыл-сезимдеринин өнүгүшүнө жана аларды мектепте окууга ийгиликтүү даярдоого чоң көмөк көрсөтөт. Мектепке чейинки курактагы балдардын инсандык өнүгүүлөрү, атап айтканда, инсандык негизги сапаттардан болгон эмоционалдык мотивдүүлүктөрдүн, психологиялык жаңылануулар (таануу процесстериндеги кабыл алуу, көңүл буруу, эс, ойлоо, тил, индивидуалдыктын пайда болушу) калыптанышы, алардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн негизин түзөт. Демек, бул жагынан алып караганда, мектепке чейинки курактагы балдардын инсандык калыптануусунда мотивдердин өнүгүү (билим, билүү, ыктарды таанып билүүлөрү, өзүнө болгон ишенимдери, ийгиликтери, натыйжалары, өзүн-өзү баалоолору, өзүнүн жетишкендиктерин жарыялоо, жөндөмдүүлүктөрү, чыгармачылык иш-аракеттери, мамилелешүү мотивдери) процесси жүрөт. Бул курактагы балдар кээ бир нравалык нормаларды жетектеп, аң-сезимдүү аракеттерге жөндөмдүү болот. Мамилелешүү, байкоо жана чоңдорду тууроо процесстери күчтүү. Мектепке чейинки курактагы балдардын жүрүм-турумдарын баалоолору маанилүү жана зарыл. Мында сюжеттүү-ролдук оюндардын мааниси өзгөчө маанилүү. Оюн процессине эле эмес реалдуу турмушка болгон катыштары аныктала баштайт. Жүрүм-турумдарында нравалык аң-сезимдүү аракеттер калыптана баштайт. Кандай жүрүм-турумдар туура же туура эмес экендигин анализдей башташат. Мектепке чейинки курактагы балдардын инсандык сапаттардан болгон өздүк аң-сезимдери, жүрүм-турумундагы эрк сапаттары (көз каранды эместик, өжөрлүк, өз алдынчалык, максат багыттуулук), өзүнүн башкаларга, айлана-чөйрөгө карата болгон мамилелеринин системасы өнүгө баштайт. Бул курактагы балдар өзүнүн айлана-чөйрөсүндө болуп жаткан окуяларга, кырдаалдарга карата өз алдынча анализ жүргүзүп, койгон максатына жараша өзү жоопкерчиликти ала баштайт. Өзүн чоң адам катары көрсөтүп, чоң адамдардын оң сапаттарын тууроо аракетинде болот.

**Адабияттар:**


1. Жумалиева Ж.М. Жаш курак психологиясы. - Б., 2015.
2. Кудабаева Г.Б. Жалпы психология. - Б.: 2011.
3. Кудабаева Г.Б., Ажибаева А.Ж. Педагогикалык психология. - Б., 2001.
4. «Нариста» балдарды мектепке даярдоо программасына усулдук сунуштар. – Б.: 2015.
5. Расулова Г.С., Орусбаева Т.А., Фадина А.И., Тунгатарова Н.К., Дворянинова Л.Ф., Лужанская С.В. Программа развития детей от 3 до 6 лет «Балалык». - Б., 2017.
6. Эльконин Д.Б. Детская психология: Учебное пособие / Ред. -сост. Б.Д. Эльконин. - М., 2008. – 384 с.
7. Усенко Л.В., Сейдекулова К.С. Мектепке чейинки курактагы балдарды экологиялык тарбиялоо: Методикалык колдонмо. - Б., 2009. - 116 б.
8. Кумашова А.А., Кочоралиева Б.А. Развитие детей в условиях джайлоо. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 4. С. 165-170.